Ж.Ашымов атындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү метебинин
2022-2023-окуу жылындагы ата-энелер чогулушунун №1протоколу

Бардыгы: 154

Каралуучу маселелер:

1.Мектеп формасы, окуучулардын китеп менен камсыз болушу

2. Ысык тамак киргизүү жөнүндө

3. Учурдагы иштер

Угулду: Мектептин директорунун милдетин аткаруучу Джаналиева Элиза Эсентуровна төмөндөгүдөй баяндама жасады. Мектебибиз ата-энелер менен биргеликте көптөгөн иш- аракеттерди аткарып келебиз. "Ата-энелер тарабынан "Камкорчулар кеңеши" түзүлүп мектепке, окуучулардын келечеги үчүн керектүү иштерге жумшасак болот. Мектебибиз күн сайын жаңыланып жатат десек болот. Окуучулардын билим алуусуна шарт түзүлгөн. Азыркы убакта сабактарды иновациялык, интерактивдүү усулдар менен өтүп жатабыз. Окуучулар айрыкча жоолук салынган кыздар мектепке ылайык форма менен келишсин. Окуучуларыбыз, мектебибиз буюрса жаңы окуу жылына даяр.
Угулду: Китепканачы Акбердиева Р төмөндөгүлөргө токтолду. 2022-2023-окуу жылына карата 95,5% менен камсыз болдук. Башталгыч класстардын математика, адеп, орус тили,көркөм өнөр, англис тили китептери жетишсиз, эски. Мүмкүнчүлүгүнөр болсо сатып берсенизер. Китептерин үйдөн тыштап берсениздер, карап көзөмөл кылып койсонуздар. сабакка китептерин толук алып келишсин.
Угулду: Ата-энелерден Осмонакунова Фарида төмөндөгүлөргө токтолду:
Окуучулардын билим алуусуна жалгыз мектеп эле эмес, ата-эне, коомчулук дагы көмөк көрсөтүш керек.Айрыкча ааламдашкан мезгилде, компьютерлешкен заманда окуучуларды сабакка тартуу кыйынга турчу иш болуп калгандыгы баарыбызга белгилүү. Окуучулардын кызыга турган нерселери көп болгондуктан, ата-энелер үйдөн көзөмөлдөшүбүз керек. Ата-энелер комитети мектеп менен тыгыз иш алып барып жатабыз. Окуучулардын билим алуусуна колдон келген иштерди жасоого аракет кылабыз.
Сулайманова Чолпон ысык тамак боюнча төмөндөгүлөргө токтолду: Окуучуларга ысык тамак берилсе жакшы болот эле. Анткени балдар үйдөн эч нерсе ичпестен эле мектепке кетип калышат. Бул жерден тамак ичип алышса сабак окуугандарына да жакшы болот. Чукунова Мунара да өз оюн билдирди: Биз балдар үчүн бардык шарттарды түзүп беришибиз керек. Ысык тамакка каршы эмеспиз. Ай сайын ысык тамактын акчасын берип турабыз.
Каралып жаткан кийинки маселе боюнча соц педагог Г. Базаркулова төмөндөгүлөргө токтолду: Мектепте ата-энелер менен иштөө планы түзүлгөн. Чогулуштарда окуучулардын тартиби,сабакка катышуусу ж.б маселелер каралат. Мектепте окуучулар арасында акча чогултулбайт жана майрамдык кечелер, отуруш такыр моюлган. Эгерде кимдин баласы же кызы отуруш берсе, ата-энеге кандайдыр бир өлчөмдө штраф салынат. Майрамдарда атайын курам же ИДН кызматкерлери менен рейддерге

Сканировано с CamScanner

чыгабыз. Ата-энелер сиздерден сураныч балдарыбыз бүгүнкү күндө социалдык кызматта көп байланышат, ар кандай терс жорук-жоосундарды көрүп, билип жатат. Андыктан баланын жүрүш- турушуна, бош убактыларын кандай өткөрөт жакындан көзөмөл кылыныздар. Озгөчө жогорку класстын окуучулары кечкисин көчөгө чыгышпасын. Дүкөнгө ичимдике, тамекиге жумшабагыла"Балдарыбыз- биздин эртенки келечек" андыктан балдардын билим алуусуна, келечекте мыкты инсан болушуна шарт түзөлү.

Жогорудагыларды каралып жаткан маселелерди угуп жана талкуулап келип төмөндөгүдөй чечим чыгарылды:

## Чечим:

1. Откөн окуу жылына ата-энелер комитетинин аткарган иштери канаттандыраарлык деп белгиленсин.

2022-2023-окуу жылына карата ата-энелер комитетинин төрайымы Бердиканова Айнура

Мүчөлөрү:

1.Асанакунова.Г
2.Абдумомунова.А

ата-энелер менен иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.

2. Жаны окуу жылына карата окуу куралдар, форма менен камсыз кылуу ата-энелерге милдеттендирилсин.

3.Окуучулардын мобилдик телефонду чектөө менен колдонуусу ата-энелерге милдеттендирилсин.

4.Башталгыч класстын окуучуларына 1-октябрдан баштап, ата-энелердин каржылоосу менен ысык тамак берүүнү көзөмөлдөө жагы Ибраева Г, Машаева.Н, Эрназарова Г милдеттендирилсин.

Мектеп директорунун милдетин аткаруучу: Джаналиева.Э

Соц.педагог: Базаркулова.Г

Уюштуруучу: Мокешова А.

Сканировано с CamScanner

/

Ж.Ашымов атындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү метебинин 2022-2023-окуу жылындагы башталгыч класстарынын 1-4-класстарынын ата-энелер чогулушунун №2 протоколу

Бардыгы: 139

Каралуучу маселелер:
1. Ысык тамак киргизүү жөнүндө
2. Учурдагы иштер

Угулду: Мектептин директорунун милдетин аткаруучу Джаналиева Элиза Эсентуровна төмөндөгүдөй баяндама жасады. Райондук деңээлде окуучуларды ысык тамак менен камсыз кылуу жагы каралууда ,ошондуктан биздин мектеп дагы сиздердин макулдугунуздар болсо ысык тамакты киргизсекпи дегенбиз .Ушуну менен катар эле ысык тамакка жоопту ата –энелер курамын түзүп алсак
Угулду: Ата-энелерден Осмонакунова Фарида төмөндөгүлөргө токтолду: Мен ысык тамакка жооптуу деп мурдатан бери иштеп келе жаткан Бердиканова Айнураны көрсөтөт элем жана башталгыч 1-4- класстын ата-энелер комиттерин киргизсек болот деп ойлойм . Ошол ата-энелер жоопту болуп ар бир ай менен эсептешип турушса. Ошону менен катар эле жарым жылда канча акча жыйналды канчасы эмнеге расходдолду жыйынтыгын чыгарып отчет берип турушса деп ойлойм. Эгерде жалпы ата-энелердин макулдугу болсо каражаттары жетсе биз деле ысык тамак менен окуучуларыбызды камсыз кылып алсак жакшы эле болот эле .Мен мисалы кошулам Жарыш сөзгө Шаршебаев Өмүр да кошулуп төмөнкүлөргө токтоло кетти" Ооба мен да Фарида эжеге кошулам акчага так киши керек .Мен мисалы ысык тамакты колдойм сиздер айтып жатасыздар эки,үч балалуу ата-энелер кантет деп ,Көп балалуу ата-энелер пособие алышат ,кудая тобо мал-жаны бар .Кошулалы биз деле үйдөн витаминдүү тамактарга көп басым жасабайбыз .Токтоло кетсек мисалы "геркулес" кашасы "гречка плов,күрүч кашасы .Ал эми салаттарды коноктор келгенде эле жасайбыз .Биякта бешинчи күндөрү салаттар берилип турат экен.
Сулайманова Чолпон ысык тамак боюнча төмөндөгүлөргө токтолду: Окуучуларга ысык тамак берилсе жакшы болот эле. Анткени балдар үйдөн эч нерсе ичпестен эле мектепке кетип калышат. Бул жерден тамак ичип алышса сабак окуугандарына да жакшы болот.
Чукунова Мунара да өз оюн билдирди: Биз балдар үчүн бардык шарттарды түзүп беришибиз керек. Ысык тамакка каршы эмеспиз. Ай сайын ысык тамактын акчасын берип турабыз.
Жарыш сөзгө Бердиканова Айнура чыгып төмөнкүлөргө токтолду "Ооба биз эми канчадан жыйнасак болот ошол жөнүндө сүйлөшөлү .Мурда биз айына 150 сомдан жыйначубуз ,азыр тамак-аш продуктылар кымбаттаганына байланыштуу акчанын суммасын көбөйтөлү деген сунушту киргизет элем ,себеби ушул силер чогулткан акчанын эсебинен биз ашпозчуга жана жардамчысына төлөйбүз жана төрт күндүн акыркы бешинчи күнүндө салат менен эле мамлекеттин эсебинен берилүүчү компот жана булочка берилет .Ошондуктан бир күнгө 15 сомдон жыйнасак октябрь айы толук ай 17 күн* 15=255 сом экен. Ошондо 5 сомдон жыйнап ашканага мыломоющийлерин алып берсек . Ошондо октябрь айыны 260 сомдон жыйнайбыз Бул сумма эми ушул

Сканировано с CamScanner

боюнча бекибейт,себеби ноябрь айы 13 күн ошондо күндү эле 15сомго көбөйтүп берип турасыздар..Кандай дейсиздер

Жарыш сөзгө Акунова Айгүл чыгып төмөнкүлөргө токтолуп кетти" Ооба мен кошулам балдарга витаминдүү тамактарды киргизип алсак балдардын өсүп өнүгүүсүнө деле салымын кошот деген ойдомун

Жогорудагы каралып жаткан маселелерди угуп жана талкуулап келип төмөндөгүдөй чечим чыгарылды:

Чечим:

1. Башталгыч класстарда 1-октябрдан баштап ысык тамак берилип башталсын.

2.Башталгыч класстын окуучуларына ата-энелердин каржылоосу менен ысык тамак берүүнү көзөмөлдөө жагы Ибраева Г, Машаева.Н, Эрназарова Г милдеттендирилсин.

Жооптуу болуп ата-энелер комитетининин төрайымы болуп Бердиканова Айнура бекитилсин

Төмөнкү курамдагы ата-энелер мүчө болуп киргизилсин

1 Сулайманова Ч
2.Зайнидин кызы
3.Асанакунова.Г
4 Туутанбаева А
5 Бакыт кызы Жазгүл
6.Замирбек кызы
7. Абдумомунова.А

3. Ата-энелерден жыйналган акчанын 1 сому ашпозчу Машаева Нуржанга,
1сому жардамчысы Эрназарова Гүлкайырга

берүү жагы ата-энелер комитетинин төрайымы Бердикановага милдеттендирилсин.

.

Ата-энелер комитетинин төрайымы Бердиканова

Жардамчысы: Абдымомунова А

Сканировано с CamScanner

**Ж.Ашымов атындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү мектебинде 2022 -жылдын 22-ноябрда өтүлгөн ата-энелер чогулушунун чогулушунун №3 протоколу.**

Катышты - 53 Себепсиз -

Каралуучу маселер:

1. 1-чейректин катышуу- жетишүү жыйынтыгы
2. Учурдагы иштер

Угулду: Мектептин директору Жээнбаев К төмөндөгүдөй баяндама жасады. Мектепте 362 окуучу окуйт. Мектеп күз-кыш мезгилине даяр. Мектепте окуучулардын билим алуусуна бардык шарттар түзүлгөн . Билим берүүнүн заманбап -технологиялар менен жабдылган. Мектепте олимпиадага,ЖРТга даярдоо боюнча тиешелүү мугалимдер иш алып барууда .Атайын расписание түзүлгөн ошого карата иштер жүргүзүлүүдө. Спорт залыбыз жылуу , окуучулар сабактан кийинки бош убактыларында спорттук оюндар менен алектенсе болот.Бирок жогорку класстын окуучулары кечкисин 8 ден кийин уйдө болууга тийиш. Ар бир окуучу атайын микро-участокторго мугалимдерге бөлүнгөн.жана мектепте кыздар ,балдар уюму ИДН менен иш алып барышат.

Кийинки сөз ата-энелерден Борбодоев Б

Азыр күндүн кыскаруусуна байланыштуу башталгыч класстын окуучулары 5 сабактан кийин уйгө барганча кеч кирип кетип жатат.Эгерде мүмкүн болсо 10-15 мүнөт эртерээк таратсанар жакшы болмок. Алыста жашагандарда бар.

Андан сырткары ата-энелерге окуучулардын 1-чейректин жыйынтыгы боюнча класс жетекчилер маалымат беришти.

Чечим:

1. Окуучулардын сабакка катышуусу, окуу куралдар менен камсыз кылуу жанан сабактан кийинки убактыларына көз салуу, жооп берүү ата-энелерге милдеттендирилсин.

2. Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу ар бир предметтик мугалимдерге милдеттендирилсин.

Сканировано с CamScanner

Ж.Ашымов атындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү метебинин 2022-2023-окуу жылындагы «Жаны жылдык балаты» иш-чарасын өткөрүү боюнча ата-энелер чогулушунун

**№4 Протоколу**

Класс жетекчилердин саны: 18

Катышты: 18

Жалпы ата-энелердин саны: 256

Катышты: 132

Кун тартибиндеги каралуучу маселе:
1. «Жаны жылдык балаты» иш-чарасын өткөрүү
Жыйналыштын төрагасы: Жээнбаев К.Б -мектептин директору

Катчы: Болотбек кызы Айжаркын

Угулду: Мектептин директору Жээнбаев К.Б учурдагы билим берүүдөгү кескин түрдө онлайн түрүнө өтүүнүн себебин түшүндүрүү менен ата-энелерге балдардын ден соолугуна көз салууларын жана алдын алуучу иш- аракеттерди көрүп туруусун өтүнүү менен каралуучу маселени ортого салды. Бүгүнкү жыйналышты өтүп жаткан себебибиз «Жаны жылдык балаты» иш-чарасын өткөрүү боюнча сиздердин оюнуздарды угалык деп кайрылып жатабыз. Оюнуздарды ортого салып койсонуздар.

Угулду: Ар бир класстан балдар жөтөлүп ооруп жаткандыгы боюнча маалыматтар келип түштү. «Жаны жылдык балатыны» өткөрүүдө балдардын баары кызыгып барышат, бирок женил кийинишип, ооруп жаткандар гриппти өтүштүрүп жиберүү коркунучу бар экенин,бири-бирине жугузуп дагы көйгөй жараларын билдирүү менен жалпы ата-энелер бир добуштан балаты иш-чарасынын өтүлүшүнүн зарылдыгы жок деген жыйынтыкка келишти.

Жыйналыш жыйынтыкталды.

## Чечим:

1.2022-2023-окуу жылындагы «Жаны жылдык балаты» иш-чарасын өткөрүү токтотулсун.

2. Жаны жылдык тарбиялык сааттарды онлайн түрүндө өткөрүү жагы класс жетекчилерге милдеттендирилсин.

3. Отүлгөн тарбиялык сааттарды көзөмөлдөө жагы уюштуруучу А Мокешовага милдеттендирилсин.

Жыйналыштын төрагасы: Жээнбаев К.Б

Катчы: Болотбек кызы Айжаркын

Сканировано с CamScanner